| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЧҮЙ ОБЛУСУ<br>ПАНФИЛОВ РАЙОНУ<br>КАЙЫҢДЫ ШААРДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН<br>КАИНДИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ<br>КЕНЕШ |
|---|---|---|

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

11.03.2025 ж. № 17/VI – 1

## Кайыңды шаарынын Аксакалдар сотторунун Типтүү Регламентин бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Аксакалдар соттору жөнүндө” Мыйзамынын 4-беренесинин 3-бөлүгүнө, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдагы 3-мартындагы “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө” №115 токтомунун 1-тиркемесинин 21-пунктунун 4-пунктчасына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдагы 15-ноябрындагы №258 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттик жөнүндө” жобосунун 12-пунктуна ылайык, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 34,39-беренелерин жетекчиликке алып, Кайыңды шаардык кеңешинин депутаттарынын сессиясы, токтом кылат:

1.Кайыңды шаарынын Аксакалдар сотторунун Типтүү Регламенти бекитилсин.

2. Ушул токтом ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине каттоо жана киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Чүй - Бишкек юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

3.Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө милдети Кайыңды шаардык кеңешинин социалдык маселелер боюнча туруктуу депутаттык комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **У.Б. Абдрасулов**